Бекитемин
Сын-Таш айылынын Камчыбек Шакиров
атындагы жалпы билим берүү орто
мектебинин директору :
Иманалиева Л.М.

**Сын-Таш айылынын Камчыбек Шакиров атындагы жалпы билим берүү орто**

**Мектебинин 2021-2024 –жылдардагы мектепти өнүктүрүү боюнча стратегиялык**

**ПЛАНЫ**

Стратегиялык пландаштыруунун этаптары:
1.Уюштуруу
2.Учурдагы абалдын талдоосу жана баасы
3.Пландаштыруу
4.Стратегиялык планды кабыл алуу
5.Аткаруу

Көрүүлөр жана миссиялар
Узак мөөнөттүү максат жана милдеттер
Максатка жетишүү стратегиясы
Стратегиянын аткаруу чаралары

СХЕМА



уюштуруу
(1-этап)
Талдоо жана
баалоо (2-этап)
Пландаштыруу
(3-этап)
Страт.планды
кабыл алуу
(4-этап)
Аткаруу (5-этап)

Стратегиялык планды иштеп чыгуу боюнча жумушчу топ:

1. Иманалиева Л.М.    - мектеп директору.
2.Жолдошева Ф.М.   -директордун окуу - тарбия иштери боюнча орун басары.
3.Кенжалиева М.З. -уюштуруу иштери боюнча директордун орун басары.
4.Ишенбекова А. -ата-энелер комитетинин төрайымы.
5.Мамбеталиев С. - директордун чарба иштери боюнча орун басары.
6.Андабекова Т.Н.  -китепканачы.
7.Жакиева У.А. – соцпедагог.
8.Жумашова  М.С.,Алымкулова А.А.Дыйканбаева Н.Т. - предметтик бирикмелердин  жетекчилери.

***<u>Стратегиялык план.</u>***

**Мектепти көрүүдөгү  абал:**

Биздин мектеп балдарды окутуп- тарбиялоого   багытталган, республиканын экономикалык шарты ,саясий стабилдүүлүгү  оор мезгилиндеги жаштардын жаны толкунун окутуп жана тарбиялоого мүмкүнчүлүгү  бар,аз да болсо жаны технология менен камсыз болгон иштиктүү  жамааты бар,баланын турмушка болгон көз карашын калыптандыруучу борбор болуп саналат.

*<u>Мектептин миссиясы</u>*

Мектепти өнүктүрүүдө ата –энелер коомчулук менен тыгыз байланышта болуп, азыркы жашоодо өз ордун таба билген коомчулуктун керегине жараган интеллектуалдуу инсанды тарбиялоо максатында билим берип жатабыз.  Алдынкы иш тажрыйбаны пайдалануу менен окуучуларга заманбап сапаттуу билим, тарбия берүү жана ата-энелер менен тыгыз

байланышта иштеп, окутуунун интерактивдик усулдарын колдонуу менен Кыргыз Республикасынын салттарын, маданиятын терең сыйлаган аны баалоого, жөндөмдүүлүгү бар , жашоодо өз ордун таба алган инсандарды тарбиялоо.

***Максаты***

Окуучунун жөндөмдүүлүгүн, талантын өстүрүүдө алардын динине, социалдык абалына карабастан окуу-тарбия иштери боюнча позитивдүү чөйрөнү, жакшы заманбап шартты түзүп берүү жана ага коомчулуктун активдүү тартылышын камсыз кылуу.

***Милдети***

- негизиги билимди ар түрдүү себептер менен ала албай калган балдарга жакындан жардам берүү, билим берүү иштери менен алектенген мамлекеттик эмес уюмдар, эл аралык, мамлекеттик, регионалдык уюмдар менен үй-бүлөлүк өнөктөштүктү бекемдөө, спонсор тартуу себептерин изилдөө,
- предметтик кабинеттерди уюштуруу аларды дидактикалык материалдар, техникалык каражаттар, окуу куралдар менен камсыз кылуу,
- окуучулардын кызыгуусу боюнча кружок жана клуб иштерин өнүктүрүү.
- усулдук бирикмелерди, мектептин басма сөз кызматын уюштуруу (анда усулдук иштеп чыгуулар, иш тажрыйбалар, рекомендациялар чагылдырылышы керек),
- үзгүлтүксүз билим берүү боюнча ЖОЖ , АООЖ менен келишимдерди түзүү менен
- ата-энелерди мектептин иш - чараларына тартуу, кызматташтыкты күчөтүү,
- акцияларды өткөрүү,
- инновациялык идеялардын конкурстарын уюштуруу.

*Биздин мектеп кандай ? Анын күчтүү жана алсыз жактары кандай?*

Мектепте азыркы убакта 301 окуучу 17 класста окуйт, 26 мугалим эмгектенет. Алардын 98% жогорку билимдүүлөр. Мектеп «Сапаттуу – мугалим, сапаттуу – билим» деген проблемасынын үстүндө иштейт.
Мугалимдер сабактарга окутуунун заманбап усулдарын колдонуу менен сабак өтүүгө аракеттенишет. Мектепте кызыгуулар боюнча окуучулар кружокторго тартылышкан.

Бирок учурдун талабына жооп берген бардык шарты бар, заманбап технология менен жабдылган усулдук кабинетибиз жок.
Мугалимдердин модификациядагы компьютерлерге иштөө мүмкүнчүлүгү жок. Лабораторияда реактивдер, макеттер моделдер жок. Китептер жетишпейт. Кабинеттерди толук жабдууга мүмкүнчүлүк жок.
Спорттук инвентарлар жок.

***<u>Мектебибиздин келечекте кандай болуусун көргүбүз келет?</u>***

Келечекте мектебибизди жамааттын борбору катары көргүбүз келет.
Андан ар кимибиз өзүн алып жүрүүнүн так эрежеси калыптандырылуусу керек. Мектепти башкарууда мектептин администрациясынын мугалимдердин , окуучулардын , ата-энелердин жана коомчулуктун укуктары , милдеттери так болуп туура бөлүштүрүлүшү керек. Мектеп төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөргө жооп бере тургандай болот:
- Мектеп окуучуга жакшы жетишкендиктерге ээ болуусу учун позитивдүү окуу – тарбия чөйрөсүн түзүүсү керек
- Позитивдүү профессионалдык чөйрөнү түзүү керек.
- Бул чөйрөдө бардык мугалимдер жамааты жана администрация балдарды окутуудагы азыркы мугалимдин кесиптик өнүгүүсүндөгү проблемаларды чечүүдө жардам бере турган билим берүүдөгү жаңы мамилелери тууралуу көбүрөөк билүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

-Мектеп жамааттын ажырагыс бөлүгү катары эсептелинет да, билим берүүнүн жеткиликтүү сапаттуу болуусуна өзүнүн түздөн-түз таасирин тийгизет, жамаатты өнүктүрүүгө да өз салымын кошот.

- Мектепте окуучулар, мугалимдер өз ара бирин-бири сыйлай турган жагдай түзүлүшү керек. Бир дагы окуучунун, мугалимдин укугуна шек кетпеши керек. Мектепте тартип болуу керек, өзүн алып жүрүү эрежелери аткарылган учурда гана коопсуздук жагынан үзүрлүү болот.

Мектеп жалпы түрдө башкарылышы керек. Администрация, мугалимдер, окуучулар, ата-энелер маселе чечүүдө бирдей уруктагы партнер болушат.

-Мектеп окуу – тарбия процессине баа берет, программаларды аткарат. Башка өлкөнүн региондордун иш тажрыйбаларын окуп үйрөнүп, анализдин жана баа берүүнүн негизинде өзүнүн коррективаларын киргизет.

- Мектеп бардык жагынан окуучуга таалим – тарбия бере турган жер болуусу керек, окуучулар мектепке майрамга бара тургандай маанай менен магнитке тартылгандай сезим менен бара тургандай климат түзүү керек.

***Коюлган максатка жетүүгө эмне тоскоол болот?***

-Кээ бир кесиптештерибиздин эски нерсеге байлангандыктары жана аны кабыл ала билбегендиктери саясатка, илимге, адабиятка кызыкпагандыктары, жаңыча иштегиси келбегендиктери, жамаат мүчөлөрүнүн көңүл коштугу

-Мугалимдин айлыгынын аздыгы

-Ата-энелердин балдарын окутуп - тарбиялоого кош көңүл катышуусу, ата-энелердин милдеттерин аткарбай коюшу. Ата- эненин мектеп менен байланышынын аздыгы.

-Интернет байланышынын тийгизген терс таасиринин кесепетинен окуучулардын сабакка, окууга болгон кызыгууларынын төмөндөшү.

-Баланы бир нерсеге кызыктыруунун кыйындашы.

Страт команда 2021-2024-жылдарда мектепти өнүктүрүүдө алдына төмөндөгүдөй максатты коёт.

1. Мектептин инфраструктурасын жакшыртуу.
2. Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин өнүктүрүү.
3. Балдарды окутуп – тарбиялоонун сапатын жогорулатууда ата-энелерди, коомчулукту, жамаатты катыштыруу.

***Мектепти 2021-2024-жылдарда өнүктүрүү боюнча план.***

| № | Мазмуну | Качан аткарылат | Ким аткарат | Эмне бар | Эмне керек | Ким менен аткарабыз | Көрүлүүчү жыйынтык | Критерийлер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Түрдүү себептер менен окубай калган балдарды мектепке тартууга жамаатты катыштыруу | 2021-2024 | Администрация | Билим берүү мыйзамы, мектептин уставы, а.о уставы | Ата-энелердин жоопкерчилигин көтөрүүгө, жергиликтүү башкаруу бийлиги жана коомчулуктун катышуусу | Айыл өкмөтү, АЭК, жамаат, жаштар уюму, аксакалдар кеңеши ж-а соту. | Окубай калган окуучулар болбойт. | Окубаган бала азаят, АЭКтин жана жамааттын активдүүлүгү жогорулайт. |
| 2. | Жамаат ичинде ата-эне, балдар жөнүндөгү | 2021-2024 | Уюштуруучу, | Анкета, а.өкмөтүндөгү | | Ата-энелер, админитрациясы окуучулар | Балдардын арасында | Балдарды жана чоңдорду |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | проблемаларды изилдөө. маалымат системасын түзүү , социалдык маселелерди изилдөө. | | соц.педагог. | маалымат базасы | | ж-а мугалимдер жамааты | актуалдуу маселелер аныкталат | тартуу. |
| 3. | Окуучуларга ж-а ата-энелерге балдардын укуктары жонунде конвенция - жөнүндө окууларды уюштуруу. | Класс жетекчилердин планы жана окуу планы боюнча | Класс жетекчилер, мугалимдер, администрация | Балдардын укуктары жөнүндө конвенция - | | Ата-энелер, мугалимдер, балдар - | Ата-эне, мугалим , окуучу-дын конвенция жөнүндө маалыматынын болуусу. | Баланын укуктарын бузуу корсоткүчтөрүнүн ылдыйлашы - |
| 4. | Ата-энелерди мектеп иштерине көбүроок тартуу (Рекэт маселелерин жоюу жана алдын алуу иштери.) | дайыма | Уюштуруучу жана класс жетекчилер | МАП, АЭК | | Ата-энелер, окуучулар, мугалимдер | Ата-энелердин жоопкерчилиги жана мектеп турмушуна активдүү катышуусу жогорулайт. | Өнөктөштөрдүн саны көбөйөт. (ата-эне, мугалим жамаат.) |
| 5. | Инновациялык идеялардын – усулдардын долбоорлорун иштеп чыгуу райондук, | дайыма | Мугалимдер жамааты | Усулдук иштеп чыгуу | | Мугалимдер УБ | Окутуунун жаны идеялары усулдары сабактарга колдонулат. | Мугалимдердин жанычыл методом менен иштөө корсоткүчү. |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | областык,республикалык жана онлайн ж.б конкурстарга катышуу. | | | | | | Окуучу-дын өздөштүрүүсү жогорулайт | |
| 6. | Акцияларга катышуу жана өткөрүү | 2021-2024 | Мугалимдер жамааты ж-а окуучулар | Жылдык план | | Мектеп жамааты, окуучулар, коомчулук | Окуучу-дын дүйнө таанымы социалдык саясий турмушка катышуусу ж-а кызыгуусу күчөйт | Коомдогу жеке позицияларды, көз караштарды бекемдөө |
| 7. | Мектептин инвентарларын алмаштыруу үчүн инвестиция тартуу. | 2021-2024 | Директор | Мектеп имараты класстык бөлмөлө | Окуу бөлмөлөрүн инвентар менен камсыздап окуучуларга жана мугалимдерги окууга жана иштөөгө шарттарды түзүү | А.өкмөтү, АРИС, АЭК | Окууга,иштөөгө мүмкүнчүлүктөр түзүлөт | Окуучулардын жана мугалимдердин окууга ишке болгон кызыгуусуна кам көрүү |
| 8. | Мектептин устаканасы үчүн керектүү шаймандарды алууга проект жазып инвестиция тартуу | 2021-2024 | Директор | Устакана бөлмөсү | Окуучуларга кесипке багыт берүү, таланттуу, шыктуу, өнөрлүү балдардын устачылык менен алектенүүсүнө шарт түзүү | өкмөттүк эмес уюмдар | Окуучуларга кызыгууларына иш жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт | Шыктуу таланттуу окуучулар менен жекече иштөө |
| 9. | Мектеп үчүн | 2022-2024 | Директор | Ижарага | Мектеп үчүн | Айыл өкмөтү | Кошумча | Мектептин |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | көмөкчү чарба түзүү,иштетүү | | чарба башчысы | алынган жер үлүшү | керектүү жабдыктарды окуучулардын ысык-тамагы үчүн кошумча азык түлүктөрдү алуу | | каражат болот | инфрастуктурасы үчүн кам көрүү |
| 10. | Окуу кабинеттерине заманбап техникалык жабдуулар менен камсыздоо үчүн ,демөөрчүлөрдү тартуу | 2022-2024 | Директор | Окуу кабинеттери | Билим берүүнүн мамлекеттик стандартына жана талапка ылайык билим берүүгө жетишүү | Айыл өкмөтү, мектеп, мамлекет тик эмес уюмдар, демөөрчүлөр | Окуу бөлмөлөрүн заманбап жабдууга мүмкүнчүлүк түзүлөт | Окуучулардын билим алуусуна жагымдуу чөйрө түзүү |
| 11 | Спорт залы үчүн керектүү спорттук шаймандарды алуу | 2021-2024 | Директор | Спорт зал | Талانттуу, шыктуу окуучулардын спорт менен машыгуусуна шарт түзүү. | Спонсор издоо, инвестиция тартуу. | Окуучу-дын спорт м-н машыгуусуна мүмкүнчүлүк түзүлөт. | Окуучулардын шыгын, талантын өстүрүү. |

Мектеп директору:- Л.М.Иманалиева